**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИ**

**АКАДЕМИК И. АХУНБАЕВ АТЫНДАГЫ КАРАКОЛ МЕДИЦИНАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЗДРАВООХРАНЕНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**КАРАКОЛЬСКИЙ МЕДИЦИНСКИЙ КОЛЛЕДЖ ИМЕНИ АКАДЕМИКА И.АХУНБАЕВА**

---

Акдемик И.Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжинин кезексиз педагогикалык кенешмесинин отурумунун №1.1 протоколу
Куну:28.09.25ж

Каралуучу маселе:
1.Академик И.Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясаты.
Колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары Муслимов Р.М томонкулорго токтолду. Бул документ академик И.Ахунбаев атындагы Каракол медициналык колледжинин билим берүүнүн сапатын камсыздоо саясатын түшүндүрөт. Анда колледж билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, мамлекеттик стандарттарга жана аккредитация талаптарына таянып иш алып барары көрсөтүлгөн. Негизги максат – саламаттыкты сактоо тармагына атаандаштыкка жөндөмдүү, квалификациялуу адистерди даярдоо.Колледждин миссиясы калкка сапаттуу медициналык жана фармацевтикалык жардам көрсөтүү үчүн кесипкөй кадрларды даярдоого багытталган. Ал эми келечектеги максаты – заманбап технологияларды колдонгон, практикага багытталган окутууну ишке ашырган алдыңкы медициналык колледждердин бири болуу.Сапатты камсыздоо саясатынын алкагында колледж мыйзамдуулукту сактоо, академиялык чынчылдык, ачык-айкындуулук, студентке багытталган окутуу жана билим берүү процессин үзгүлтүксүз жакшыртуу принциптерин карманат. Окуу программалары эмгек рыногунун талаптарына ылайык жаңыртылып, студенттердин практикалык даярдыгына өзгөчө көңүл бурулат. Ошондой эле окутуучулардын квалификациясын жогорулатуу, материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү жана жумуш берүүчүлөр менен тыгыз кызматташуу жүргүзүлөт.Билим берүүнүн сапаты атайын ички система аркылуу көзөмөлдөнөт. Анда окуу жыйынтыктары бааланып, студенттердин, бүтүрүүчүлөрдүн жана жумуш берүүчүлөрдүн пикирлери эске алынат. Бул маалыматтардын негизинде окуу процесси жакшыртылып турат.Жыйынтыгында, бул саясат колледжде сапаттуу билим берүүнү камсыз кылууга, адистерди заман талабына ылайык даярдоого жана билим берүү системасын үзгүлтүксүз өнүктүрүүгө багытталган негизги документ болуп эсептелет.

Чечим:

1.Бул саясат колледждин билим берүүсүн туруктуу жакшыртууга жана сапаттуу адистерди даярдоого багытталган негизги документ болуп саналат жана аткарууга алынсын.

**Төрага** **Ж.Ж.Султанов**
**Катчысы** **Желденбаева Г.О**